САРУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЛДАШЕВ АЙЫЛ КЕНЕШИ

АЛДАШЕВСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САРУЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ХХУ111 Ч КЫРЫЛЫШЫНЫН № 35 СЕССИЯСЫ

2023-жылдын февраль айынын «03» № 117 Саруу айылы

# Т О К Т О М

**Айыл өкмөтүнүн аймагынан чыккан таштандыга субцидия кароо жөнүндө.**

Жергиликтүү бюджет жана донордук уюмдардын эсебинен жергиликтүү долбоорлордун ишке ашыруусун жөнгө салуучу жергиликтүү ченемдик-укуктук актыларга ылайык, "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун негизинде,муниципалитеттер аралык кызматташуунун алкагында "Кызыл-Суу,Даркан,Оргочор жана Светлая Поляна айыл аймактарынан катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу" кызматын жакшыртууга жергиликтүү бюджеттин эсебинен, таштанды чыгаруу кызматынын төлөмдөрүнө Саруу айыл өкмөт тарабынан субсидиясы катары төлөп берүү маселесин карап жана талкууга алып,Алдашев айылдык Кеңеши **т о к т о м к ы л а т:**

**1.**"Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун негизинде,муниципалитеттер аралык кызматташуунун алкагында "Кызыл-Суу,Даркан,Оргочор жана Светлая Поляна айыл аймактарынан катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу" төлөмдөрүнүн ар бир түтүнгө бекитилген 90 (токсон) сомдун 40(кырк) сомун башкача айтканда 687,4 (алты жүз сексен жети миң төрт жүз ) сомду айыл өкмөтүнөн субцидия катары жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин, ал эми 50( элүү) сомду жергиликтүү айыл тургундарынын эсебинен төлөнүп берилсин.

**2.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

**Айыл кенешинин төрагасы А.Оморова**